МОН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

~~ПОСТАНОВЛЕНИЕ~~

2023-жылдын 5-июлу, № 334

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кесиптик орто билим берүү уюмдарына кабыл алууну жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмдарына адамдарды окууга кабыл алуунун тартибинде:

– 2-пункттагы "(эгер окуу 3 жыл болсо)" деген сөздөр "(эгер окуу 2 жыл болсо)" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. КООЖдордун адистиктеринин тизмеси жана бюджеттик каражаттардын эсебинен кабыл алуу планы министрликтердин, ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын өтүнмөлөрүнүн негизинде жана жыл сайын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө жободо белгиленген тартипте түзүлөт, Кыргыз Республикасынын Министрлер

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

~~ПОСТАНОВЛЕНИЕ~~

от 5 июля 2023 года № 334

**О внесении изменений в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении актов, регулирующих деятельность образовательных организаций среднего профессионального образования Кыргызской Республики» от 4 июля 2012 года № 470**

В целях совершенствования нормативных правовых актов, регулирующих прием в образовательные организации среднего профессионального образования, в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении актов, регулирующих деятельность образовательных организаций среднего профессионального образования Кыргызской Республики» от 4 июля 2012 года № 470 следующие изменения:

1) в Порядке приема лиц на обучение в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденном вышеуказанным постановлением:

– в пункте 2 слова «(если обучение составляет 3 года)» заменить словами «(если обучение составляет 2 года)»;

– пункт 5 изложить в следующей редакции:

«5. Перечень специальностей спузов и план приема за счет бюджетных средств формируются на основании заявок министерств, ведомств, местных государственных администраций и ежегодно в порядке, установленном Положением о государственных образовательных грантах и бюджетных местах образовательных организаций высшего и среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 30 июня 2022 года № 355,

Кабинети тарабынан бекитилет. КООЖдор боюнча бюджеттик каражаттардын эсебинен кабыл алуу планы ведомстволук баш ийүүсүндө КООЖдор бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан бекитилет.";

– 7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"7. Уюштуруу-укуктук формаларына карабастан, адистиктер боюнча келишимдик (акы төлөнүүчү) негизде кабыл алуу планы КООЖдор тарабынан лицензияга ылайык түзүлөт.";

– 8-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"8. КООЖдор Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү адистиктеринин тизмесине ылайык тиешелүү адистиктер боюнча кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруу шарттары болгон учурда гана жарандарды окууга кабыл алууну жарыялоого укуктуу.";

– 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы кабыл алуу планынын аткарылышы, лицензиялык талаптардын, ошондой эле КООЖдорго кабыл алууну жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иштөө тартибин, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.";

– 13-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"13. Кабыл алуу комиссиясынын ишин жана иш кагаздарын жүргүзүүнү, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алууну КООЖдун жетекчиси тарабынан дайындалуучу жоопту катчы уюштурат.";

– 16-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"16. КООЖго кабыл алуу жөнүндө арыз абитуриент тарабынан автоматташтырылган маалыматтык система – билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлгөн КООЖдорго каттоо жана кабыл алуу үчүн портал аркылуу электрондук түрдө берилет. КООЖго кабыл алуу жөнүндө арыз берүүдө абитуриент электрондук түрдө төмөнкү документтерди тапшырат:

– паспортун же туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн;

– негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктү же орто жалпы билими жөнүндө аттестатты жана кесиптик башталгыч билими жөнүндө дипломду же анын дубликатын;

– аскердик билетин же катталуу күбөлүгүн;

– керектүү сандагы сүрөтүн (3х4 – 6 даана);

– эгерде абитуриент ушул Тартиптин 32, 33 жана 34-пункттарында көрсөтүлгөн жеңилдиктерге укуктуу болсо, ырастоочу документтерди.



утверждаются Кабинетом Министров Кыргызской Республики. План приема за счет бюджетных средств в разрезе спузов утверждается уполномоченными государственными органами, в ведомственной подчиненности которых имеются спузы.»;

– пункт 7 изложить в следующей редакции:

«7. План приема по специальностям на договорной (платной) основе, независимо от организационно-правовых форм, формируется спузом в соответствии с лицензией.»;

– пункт 8 изложить в следующей редакции:

«8. Спузы вправе объявлять прием граждан на обучение только при наличии условий реализации программ среднего профессионального образования по соответствующим специальностям согласно перечню специальностей среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденному постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики.»;

– пункт 11 изложить в следующей редакции:

«11. Председатель приемной комиссии несет ответственность за выполнение плана приема, соблюдение лицензионных требований, а также требований нормативных правовых актов, регулирующих прием в спузы, определяет обязанности членов приемной и апелляционной комиссий, утверждает порядок их работы, график приема граждан приемной и апелляционной комиссиями.»;

– пункт 13 изложить в следующей редакции:

«13. Работу приемной комиссии и делопроизводство, а также личный прием абитуриентов и их родителей (законных представителей) организует ответственный секретарь, который назначается руководителем спуза.»;

– пункт 16 изложить в следующей редакции:

«16. Подача заявления о приеме в спуз производится абитуриентом в электронном виде через автоматизированную информационную систему – портал для регистрации и зачисления в спузы, создаваемый уполномоченным государственным органом в области образования и науки. При подаче заявления о приеме в спуз абитуриент предъявляет в электронном виде следующие документы:

– паспорт или свидетельство о рождении;

– свидетельство об основном общем образовании или аттестат о среднем общем образовании и диплом о начальном среднем образовании либо его дубликат;

– военный билет или приписное свидетельство;

– соответствующее количество фотографий (3×4 – 6 штук);

– подтверждающие документы, если абитуриент имеет право на льготы, указанные в пунктах 32, 33 и 34 настоящего Порядка.

Абитуриенты, зачисленные на обучение в спуз, в последующем предоставляют в приемную комиссию оригиналы документов, указанных в настоящем пункте.»;

КООЖго окууга кабыл алынган абитуриенттер кийин кабыл алуу комиссиясына ушул пунктта көрсөтүлгөн документтердин түп нускаларын берет.";

– 18-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"18. Документтерди электрондук түрдө кабыл алуу жана каттоо учурдагы жылдын 1-июлунан тартып 30-августуна чейин жүргүзүлөт.";

– 19-пункттагы "жыл сайын иштеп чыгышат, бекитишет жана аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Тартипке каршы келбөө жагынан өз билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашышат" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Тартипке каршы келбөө бөлүгүндө ушул кабыл алуу эрежелерин жыл сайын иштеп чыгат жана бекитет" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 20-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"20. Чет өлкөлүк окуу жайларда окуган Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын негизги жалпы же орто жалпы билими жөнүндө мамлекеттик документке эквиваленттүү билими жөнүндө документти көрсөтүүгө тийиш.

Чет өлкөлүк окуу жайлар тарабынан берилген билими жөнүндө документтерди экспертизалоо билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт. Чет өлкөлүк окуу жайларда окуган Кыргыз Республикасынын жарандарын жана чет өлкөлүк жарандарды кабыл алууга ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген билиминин мазмунунун деңгээлинин шайкештиги жөнүндө маалымкатты берүүсүз жол берилбейт.";

– 21-пункт "аны текшерүү үчүн" деген сөздөрдөн кийин "негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктөгү же жалпы орто билими жөнүндө аттестаттагы орточо баа аныкталат жана/же" деген сөздөр менен толукталсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы $21^1$-пункт менен толукталсын:

"$21^1$. Адистиктер боюнча конкурс (медициналык адистиктерден, маданият, искусство, дене тарбия чөйрөсүндөгү адистиктерден тышкары) жалпы орто билими жөнүндө аттестаттагы же негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктөгү орточо баанын негизинде конкреттүү адистик боюнча окутуу үчүн зарыл болгон профилдөөчү предметтер боюнча бааларды эске алуу менен өткөрүлөт.

Жалпы орто билими жөнүндө аттестаттагы же негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктөгү орточо бааны жана конкреттүү адистик боюнча окутуу үчүн зарыл болгон профилдөөчү предметтер боюнча бааны аныктоо тартиби билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

Эгерде бир орунга аттестаттагы же күбөлүктөгү орточо баа жана конкреттүү адистик боюнча окутуу үчүн зарыл болгон профилдөөчү предметтер боюнча баалары бирдей болгон абитуриенттер талапкер



– пункт 18 изложить в следующей редакции:

«18. Прием и регистрация документов в электронном виде осуществляется с 1 июля по 30 августа текущего года.»;

– в пункте 19 слова «и согласуют с уполномоченным государственным органом в области образования» исключить;

– пункт 20 изложить в следующей редакции:

«20. Граждане Кыргызской Республики и иностранные граждане, обучавшиеся в зарубежных учебных заведениях, должны предоставить в приемную комиссию документ об образовании, эквивалентный государственному документу об основном общем или среднем общем образовании Кыргызской Республики.

Экспертиза документов об образовании, выданных зарубежными учебными заведениями, осуществляется уполномоченным государственным органом в области образования. Зачисление граждан Кыргызской Республики и иностранных граждан, обучавшихся в зарубежных учебных заведениях, не допускается без предоставления справки о соответствии уровню содержания образования, выданной уполномоченным органом.»;

– в пункте 21 после слов «, для установления которых» дополнить словами «определяется средняя оценка свидетельства об основном общем образовании или аттестата о среднем общем образовании и/или»;

– дополнить пунктом $21^1$ следующего содержания:

«$21^1$. Конкурс по специальностям (кроме медицинских специальностей, специальностей в сфере культуры, искусства, физической культуры) проводится на основании средней оценки аттестата о среднем общем образовании или свидетельства об основном общем образовании с учетом оценок по профилирующим предметам, необходимым для обучения по конкретной специальности.

Порядок определения средней оценки аттестата о среднем общем образовании или свидетельства об основном общем образовании и оценки по профилирующим предметам, необходимым для обучения по конкретной специальности, определяется уполномоченным государственным органом в области образования.

В случаях если на одно место претендуют абитуриенты с одинаковой средней оценкой аттестата или свидетельства и оценками по профилирующим предметам, необходимым для обучения по конкретной специальности, приемная комиссия спуза проводит для них дополнительные вступительные испытания.

Конкурс по медицинским специальностям и специальностям в сфере культуры, искусства, физической культуры проводится по сумме баллов, полученных абитуриентом при сдаче вступительных испытаний, проводимых спузом самостоятельно, и средней оценки аттестата о среднем общем образовании с учетом оценок по профилирующим предметам.

болсо, КООЖдун кабыл алуу комиссиясы алар үчүн кошумча кирүү сынактарын өткөрөт.

Медициналык адистиктер жана маданият, искусство, дене тарбия чөйрөсүндөгү адистиктер боюнча конкурс КООЖ тарабынан өз алдынча өткөрүлгөн кирүү сынактарын тапшырууда абитуриент алган баллдын суммасы жана аттестаттагы орточо баа боюнча өткөрүлөт.

Маданият, искусство, дене тарбия чөйрөсүндөгү адистиктер боюнча конкурс КООЖ тарабынан өз алдынча өткөрүлгөн кирүү сынактарынын жыйынтыктары боюнча өткөрүлөт.";

– 22-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кирүү сынактарын өткөрүү мөөнөттөрү жыл сайын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.";

экинчи жана үчүнчү абзацтар күчүн жоготту деп таанылсын;

төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кирүү сынактары бланктык же компьютердик тестирлөө, оозеки же жазуу түрүндөгү экзамен, угуу, көрүү ж.б. түрдө өткөрүлөт. Өзгөчө абалда, өзгөчө кырдаалда ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча кирүү сынактарын онлайн режимде өткөрүүгө жол берилет.";

– 23-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"23. КООЖдун кабыл алуу комиссиясынын төрагасы бекиткен КООЖдун кабыл алуу эрежелеринде кирүү сынактары өткөрүлүүчү предметтердин тизмеси, КООЖдун адистиктери боюнча профилдөөчү предметтердин тизмеси, кирүү сынактарын өткөрүү формасы жана аппелляцияларды кароо тартиби аныкталат.";

– $25^1$-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

– 31-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"31. Кабыл алуу кирүү сынактары аяктагандан кийин жүргүзүлөт жана учурдагы жылдын 30-августунан кечиктирилбестен аяктайт.";

– төмөнкүдөй мазмундагы $31^1$-пункт менен толукталсын:

"$31^1$. КООЖдорго Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жыл сайын бекиткен ушул категориядагы адамдар үчүн бюджеттик орундардын квотасынын чегинде конкурстун негизинде абитуриенттердин төмөнкү категориялары (ырастоочу документтери болгон учурда) кабыл алынат:

– I, II топтогу майыптар;

– бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар;

– жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар;

– 2002-жылдын 17–18-мартында Жалал-Абад облусунун Аксы районунда, 2010-жылдын апрель – июнунда жана 2021-жылдын апрелинде болгон окуялардын натыйжасында каза болгон адамдардын балдары;

– кайрылман статусу бар адамдар.



Конкурс по специальностям в сфере культуры, искусства, физической культуры проводится по результатам вступительных испытаний, проводимых спузом самостоятельно.»;

– в пункте 22:

абзац первый изложить в следующей редакции:

«Сроки проведения вступительных испытаний ежегодно определяются уполномоченным государственным органом в области образования.»;

абзацы второй и третий признать утратившими силу;

абзац четвертый изложить в следующей редакции:

«Вступительные испытания проводятся в форме бланочного или компьютерного тестирования, устного или письменного экзамена, прослушивания, просмотра и др. При чрезвычайном положении, чрезвычайной ситуации, по согласованию с уполномоченным органом, допускается проведение вступительных испытаний в режиме онлайн.»;

– пункт 23 изложить в следующей редакции:

«23. В правилах приема спуза, утверждаемых председателем приемной комиссии спуза, определяются перечень предметов, по которым проводятся вступительные испытания, перечень профилирующих предметов по специальностям спуза, форма проведения вступительных испытаний и порядок рассмотрения апелляций.»;

– пункт $25^1$ признать утратившим силу;

– пункт 31 изложить в следующей редакции:

«31. Зачисление производится после завершения вступительных испытаний и заканчивается не позднее 30 августа текущего года.»;

– дополнить пунктом $31^1$ следующего содержания:

«$31^1$. Зачисляются в спузы на основе конкурса, в пределах квоты бюджетных мест для этой категории лиц, ежегодно утверждаемой Кабинетом Министров Кыргызской Республики, следующие категории абитуриентов (при наличии подтверждающих документов):

– инвалиды I, II групп;

– лица с ограниченными возможностями здоровья с детства;

– дети-сироты и дети, оставшиеся без попечения родителей;

– дети лиц, погибших в результате событий, произошедших 17 – 18 марта 2002 года в Аксыйском районе Джалал-Абадской области, в апреле – июне 2010 года и апреле 2021 года;

– лица, имеющие статус кайрылмана.

Приемная комиссия спуза на конкурсной основе распределяет квоты по специальностям на основании личных заявлений абитуриентов. Заявление может быть подано для участия в конкурсе на специальности, на которые спузу выделены бюджетные места. В случае неполной востребованности квот, предназначенных для указанных выше категорий, они могут быть распределены на общих условиях

КООЖдун кабыл алуу комиссиясы конкурстук негизде абитуриенттердин жеке арыздарынын негизинде адистиктер боюнча квоталарды бөлүштүрөт. Арыз КООЖго бюджеттик орундар бөлүнгөн адистиктерге конкурска катышуу үчүн берилиши мүмкүн. Жогоруда көрсөтүлгөн категориялар үчүн арналган квоталар толук талап кылынбаган учурда алар жалпы шарттарда КООЖдун кабыл алуу комиссиясынын чечими боюнча конкурска катышкан башка абитуриенттердин арасында бөлүштүрүлүшү мүмкүн.";

– 32-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"32. Жакшы баа болгон учурда бюджеттик орундарга тандалып алынган КООЖдогу олимпиаданын предмети профилдөөчү болгон адистиктерге эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү (ушул жылы 1–3-орундарды алгандар) конкурстан тышкары кабыл алынат.

Жакшы баа болгон учурда окуунун акысын төлөө менен келишим боюнча орундарга төмөнкүлөр конкурстан тышкары кабыл алынат:

– томолой жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар (ушул жылдын 1-октябрына карата 18 жашка чейинки жана 18 жашка толгон балдар);

– КООЖдо тандап алган даярдоо багыты жана адистиги боюнча окууга медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу каршы келбеген ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар;

– тандаган КООЖдогу олимпиада предмет профилдөөчү болгон адистиктерге эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү (ушул жылы 1–3-орундарды алгандар).

2. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**



среди других абитуриентов, участвовавших в конкурсе, по решению приемной комиссии спуза.»;

– пункт 32 изложить в следующей редакции:

«32. Вне конкурса при наличии положительной оценки зачисляются на бюджетные места призеры международных и республиканских олимпиад (занявшие 1 – 3 места в текущем году) на специальности в выбранном спузе, по которым предмет олимпиады является профилирующим.

Вне конкурса при наличии положительной оценки зачисляются на места по договору с оплатой стоимости обучения:

– дети – круглые сироты и дети, оставшиеся без попечения родителей (до 18 лет включительно, на 1 октября текущего года);

– лица с ограниченными возможностями здоровья, которым по заключению медико-социальной экспертизы не противопоказано обучение в спузе по избранному направлению подготовки и специальности;

– призеры международных и республиканских олимпиад (занявшие 1 – 3 места в текущем году) на специальности в выбранном спузе, по которым предмет олимпиады является профилирующим.».

2. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

3. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи рабочих дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**